**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ДЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги 14-сессиясынын
ТОКТОМУ № 5-14-1

15-сентябрь 2022-ж Кызыл-Жылдыз айылы

**Кызыл-Жылдыз айыл аймагы боюнча биринчи Элдик Курултайга айыл аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы №284 "Элдик курултайды чакыруу жөнүндө" Жарлыгы менен аныкталган 2022-жылдын 25-ноябрында өтүүчү биринчи элдик Курултайга айыл аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө маселени карап, айылдык Кещештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Кызыл-Жылдыз айылдык кеңешинин 14 -кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1.Кызыл-Жылдыз айыл аймагы боюнча жергиликтүү курултайдын делегаттарынын жалпы саны 40 адамдан түзүлсүн;

2.Жергиликтүү курултайга делегаттарды шайлоо боюнча Кызыл-Жылдыз айыл аймагы 1-тиркемеге ылайык тиешелүү аймактарга бөлүнсүн;

3.Элдик курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин Календардык планында аныкталган мөөнөткө ылайык жарандардын жыйындарын жана чогулуштарын өткөрүүнүн графиги жана алардан шайлануучу делегаттардын өкүлчүлүктүү ченемдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин;

4.Жергиликтүү курултайлардын делегаттарын шайлоо боюнча ар бир жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүүгө жоопту жергиликтүү кеңештин депуттаттарынын тизмеси 3-тиркемеге ылайык бекитилсин;

5.Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча 7 адамдан турган жумушчу тобунун курамы 4-тиркемеге ылайык бекитилсин;

6.Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо 2022-жылдын 5-ноябрында саат 14:00 дө Кызыл-Жылдыз айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өтө тургандыгы белгиленсин.

7.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Төрага: Жолдошбек уулу Жоодар